***DOI:10.26104/NNTIK.2023.83.69.030***

*Джороев Т.А.*

# БАЛДАР АДАБИЯТЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КИТЕП ОКУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТОО

*Джороев Т.А.*

# ФОРМИРОВАНИЕ КУЛЬТУРЫ СЕМЕЙНОГО ЧТЕНИЯ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

*T. Djoroev*

# FORMATION OF FAMILY READING CULTURE USING CHILDREN'S LITERATURE

*УДК: 371*

*Бул макала Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган башталгыч мектептердин мугалимдери үчүн “Окуу керемет!” долбоорунун негизинде 7-10 жаштагы балдар менен ата-энелердин үй-бүлөлүк китеп окуу маданиятын калыптого арналган. Мында аталган жаштагы балдар үчүн даярдалган балдар адабияты, китептин түрлөрү, аларды колдонуу өзгөчөлүктөрү жана үй-бүлөдө китеп окуу маданиятын калыптоодо көңүл бура турган жагдайлар менен аны өткөрүүнүн практикалык үлгүсү бир аңгеменин негизинде сунушталат. Ошондой эле китеп окуу маданиятын калыптоодо башталгыч класстын мугалимдерине үй-бүлөлүк китеп окууну калыптоо боюнча ата-энелер же алардын ордун басуучулар менен аткарылуучу жумуштун усулдары берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *ата-энелер, өзгөчө дүйнө, балдар адабияты, татаалдык деңгээли, виммельбух, ар тараптуу өнүгүү, кызыгуу, жаратуу.*

*Данная статья посвящена формированию культуры семейного чтения у детей 7-10 лет и их родителей на основе проекта “Окуу керемет!” для учителей начальных классов, организованного Министерством образования и науки Кыргызской Республики. Здесь представлена детская литература, подготовленная для детей указанного возраста, виды книг, особенности их использования и ситуации, на которые следует обратить внимание при формировании культуры чтения в семье, и практический пример ее реализации на основе рассказа. Также при формировании культуры семейного чтения учителям начальных классов были даны методики работы с родителями или их заменяющими их людьми.*

***Ключевые слова****: родители, особый мир, детская литература, уровень сложности, виммельбух, всестороннее развитие, энтузиазм, творчество.*

*This article is devoted to the formation of a culture of family reading among children 7-10 years old and their parents on the basis of the “Okuu Keremet!” project for primary school teachers, organized by the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic. It discusses children's literature prepared for children of a specified age, types of books, features of their use and situations that should be paid attention while forming a culture of reading in the family, and a practical example of its implementation is given based on a story. Also, primary school teachers were given techniques to work with parents or their guardians to form a family reading.*

***Key words****: parents, a special world, children's literature, level of complexity, wimmelbuch, comprehensive development, enthusiasm, creativity.*

Үй-бүлөлүк окуу – бул балдар менен ата-энелердин же алардын ордун баскан башка жакын жашы улуу инсандардын биргелешип окуусунун, андан кийин ар кандай формада: оозеки, жазуу, көнүгүү, оюн ж.б. окуганды талкуулоо жана талдоо жүргүзүүнүн максаттуу үзгүлтүксүз психологиялык-педагогикалык процесси. Кыргызстаныбыздагы үй-бүлөлөрдө баарлашуунун бул маданияты анча өнүкпөй жаткандыгын белгилөөгө болот. Үй-бүлөлүк китеп окуу маданияты ар бир үйдө калыптанган дешке болбойт.

Үй-бүлөлүк китеп окууну жандандыруу жана колдоо үчүн эмне үчүн мынчалык зарыл экенин түшүнүүгө маселенин канчалык орчундуулугунан кабар берет. Ар бир бала үчүн биргелешкен окуу анын муктаждыктарына жана жөндөмүнө жооп берсе гана өнүгөт. Кенже курактагы үй-бүлө мүчөлөрү окуу жана угуу учурунда окуялардын өнүгүшүн жана анын кесепеттерин алдын ала айтууга аракет кылышат, каармандардын кыймыл-аракетин салыштырууга жана баалоого, аларга боорукердик менен мамиле кылууга үйрөнүшөт. Балага китеп тандоодо анын календарлык жашын эмес, жөндөмүн, топтолгон жеке тажрыйбасын, окуп-түшүнүүсүн, баарлашуусун, угуу жөндөмүн эске алуу зарыл. Китеп окуу маданиятын өнүктүрүүнүн бардык этаптарында балага маданият дүйнөсүнө аралашуу үчүн, жаңы тажрыйбага жол көрсөтүү үчүн негизги ролду ойногон чоң адам керек. Китеп окуу талкуунун предметине айланып, үй-бүлөнү жакындатып, процесс учурунда китеп окуунун өзгөчө дүйнөсүнө аралашууга мажбурлайт. Тилекке каршы, азыр көптөгөн үй-бүлөлөр китепке караганда санариптик технологияны көбүрөөк колдонушат. Алар чогуу убакыт өткөрүүгө эмес, баланы өз алдынчалыкка тез үйрөтүүгө умтулушат. Бирок чоңдордун жардамысыз балага жаңы дүйнөнү өздөштүрүү абдан кыйын экендигин белгилөөгө болот.

Биз балдар адабиятын колдонуу менен үй-бүлөдөгү улуулар менен балдардын биргелешип окуу маданиятын түзүүгө жардам бере турган китеп менен иштөө жолдорун сунуштайбыз. Бул мазмунду ишке ашыруу үчүн Республикабыздагы «Окуу керемет» долбоорунун алкагындагы булактарды негиз кылып алдык. Аталган булактардагы модулдарда «Балдар адабияты – балдар жана жаштар үчүн көркөм адаби-

ят, ага кенже жана орто курактагы балдаржана өспүрүмдөр үчүн жазылган чыгармалар, ошондой эле кайра иштетилген жана кыскартылган классикалык адабияттар кирет» деп белгиленген [1].

Балдарга адабиятындагы жомоктор, аңгемелер, ырлар, тамсилдер, макал-ылакаптар, табышмактардын ж.б. тарбиялык маанилеринин тереңдиги педагогикалык идеяларга жыштыгы, кызыктуулугу, сөздөрдүн образдуулугу, айтылуучу ойлордун мазмундуулугу менен айырмаланып тургандыктан, билимдин көөнөрбөс булагы, дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты, адамгерчилик сапаттарды арттыруунун өзөгү, түрдүү маалыматтарды берүүчү казына болуп, балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнө, китеп окууга болгон кызыгууларынын артышына көмөк берген ресурс болуп саналат. Бул өзгөчөлүктөрүнө жараша китептердин заманбап түрлөрү жаралып жатат. «Мисалы, иллюстрацияланган китептер балдардын визуалдык сабаттуулугун калыптандырууга өбөлгө түзөт; виммельбухтардын жардамы менен сөз байлыгы кеңейет, «деңгээлдүү китептер» баскычтар боюнча шар окууга, окуганды түшүнүүгө, ал эми, комикстер жана манга – элестетүү жана тез ойлонууга мүмкүнчүлүк берет. ... Балдар китебинин ар түрдүүлүгүн, жанрларын, формаларын, түрлөрүн жана темаларын эске алуу менен мугалимдер, ата-энелер жана китепканачылар муну окуганга үйрөтүүчү ресурс катары гана эмес, башталгыч мектептин ар түрдүү предметтерин окуп үйрөнүүдө дагы кеңири пайдаланышы керек» [2, 8-9-бб.]. Мындан ата-энелердин балдар адабиятын балдары менен биргеликте окуусунда китептердин ар түрдүүлүгүнө көңүл буруусу керектигин белгилегибиз келет [3]. Анткени ушул учурга чейин үй-бүлөлүк окуу маданиятын арттырууда бул багыттагы адабияттарга анализ жоктугуна байланыштуу, мындай классификацияны ата-энелер же алардын ордун басуучулар эске алып пайдалануусун сунуштагыбыз келет [4]:

*1-таблица*

**Балдар китептеринин классификациясы**

<table>
<tr><th>Автору жана дареги боюнча</th><th colspan="2">Курагы, татаалдык деңгээли жана окурмандык компетенттүүлүгү</th><th>Түзүлүшү боюнча</th></tr>
<tr><td>- чоң адамдар тарабынан балдарга түзүлгөн;<br>- балдар тарабынан балдарга;<br>- чоң адамдар үчүн жаратылган, бирок балдардын окуу чөйрөсүнө кирген.</td><td colspan="2">1-класс (6-7 жаш);<br>1-класс (7-8 жаш);<br>1-класс (8-9 жаш);<br>1-класс (9-10 жаш);</td><td>- моно басылма (бир чыгарманы жарыялоо);<br>- чыгармалар жыйнагы;<br>- китептердин сериясы;<br>- чогулган чыгармалар.</td></tr>
<tr><th>Жасалгалоо боюнча</th><th colspan="2" rowspan="2">Балдар китептеринин классификациясынын жолдору</th><th>Сүрөттөрү менен китептер</th></tr>
<tr><td>- кагаз басылма китеп;<br>- электрондук медиадагы китеп (аудио китеп; видеокитеп, онлайн китеп, мобилдик тиркемедеги китеп;<br>- ылайыкташтырылган китептер;<br>- кинестикалык (сезимтал) китептер.</td><td>- иллюстрацияланган китептер;<br>- сүрөт китепчелер;<br>- иллюстрацияланган атластар;<br>- виммельбух китептер;<br>- искусство боюнча китептер;<br>- графикалык романдар, комикстер, манга.</td></tr>
<tr><th colspan="2">Негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча</th><th colspan="2">Сүйлөө стили боюнча</th></tr>
<tr><td colspan="2">- фонемалык кабыл алууну өнүктүрүү үчүн балдарга үн чыгарып окуу үчүн китептер;<br>- алфавитти өздөштүрүү үчүн китептер (азбукалар, алиппелер);<br>- окуп баштагандар үчүн китептер;<br>- өз алдынча окуу үчүн китептер.</td><td colspan="2">- көркөм адабияттар: жомок, кыска ыр, аңгеме, повесть, роман, детектив, фантастика, фэнтэзи, поэма, баллада, мистика, үрөй учурган чыгарма ж.б.;<br>- илимий-таанып билүү адабияты: тарыхый китептер, окуу китептери (окуу китептери: сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар ж.б.), биографиялык китептер ж.б. [1, 15-б.].</td></tr>
</table>

Албетте, жогорку балдар адабиятынын классификацияланышынын башталгыч мектептерге тиешелүүсүн ата-энелердин аткаруусу зарыл эмес экендиги белгилүү. Бирок, балдардын үй-бүлө мүчөлөрү менен окулуучу адабияттар, аларга тиешелүү маселелердин ата-энелердин билиши, балдардын өнүгүүсүнө өзгөчө таасир берерин белгилегибиз керек. Башкача айтканда, үй-бүлөлүк китеп окууда ата-энелердин же алардын ордун басуучулардын мугалимдер менен биргеликте иш алып баруусу талапка ылайык. Баланын өнүгүүсү үчүн мугалимден кеңеш алуу, алар менен биргеликте окуу маданиятын калыптоо өнүгүүнүн негизи экенин баланын тагдырына кайдыгер эмес инсандардын баары билүүсү керек. Учурда Кыргызстаныбызда мындай жагдайдын жаралгандыгы бул маселени кечиктирбестен колго алуу зарылдыгын белгилегибиз келет. Жогорку классификациядагыдай китептер менен иштөө технологияларын өлкөбүздүн башталгыч билим берүү мекемелеринде иштеген мугалимдер өздөштүрүп чыккандыгы ою-

буздун далили. Ушул темп менен 7-10 жашар балдардын үй-бүлөлүк китеп окуу маданиятын калыптоону баштоону ар бир ата-энеге же алардын ордун басуучуларга жеткирүү да учур талабы.

Курагы, татаалдык деңгээли жана окурмандык компетенттүүлүгү боюнча балдар адабиятынын маанисин, эмне экендигин, кандайча пайдалануу керектигин мектеп мугалимдери ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү, ата-энелер менен иштөөнүн жаңы доору, өзгөчө форматы бар экендигин тез арада колго алышы шарт. Бул жумуш канча кечиккен сайын, балдардын өнүгүүсү ошончо кечеңдеп жатканын ар бир кызыктар жарандардын билүүсү шарт.

Сүрөттөрү менен китептер: иллюстрацияланган китептер; сүрөт китепчелер; иллюстрацияланган атластар; виммельбух китептер; искусство боюнча китептер; графикалык романдар, комикстер, манга деген түшүнүктөрдүн балдарынын китеп окуусуна кызыктар ар бир ата-энеге жеткирүү жана андай китептердин ар бир үй-бүлөгө жеткиликтүү экендигин, аларга [4, 5] шилтеме менен кирүүгө болорун, электрондук вариантта колдонууга мүмкүн экендигин түшүндүрүп, практикалык жардамды берүү зарылдыгы турат. Бул маселени чечүүнүн бир жолу катары ата-энелер менен башталгыч мектеп мугалимдеринин китеп окуу маданиятын үй-бүлөдү өркүндөтүүнүн төмөнкүдөй жолдорун сунуштайбыз (Алгач төмөнкү суроолордун негизинде баарлашыңыз):

- Үй-бүлөлүк китепканаңыз барбы, кандай китептерди топтойсуз?
- Балаңыз менен окуу үчүн акыркы жолу кимдин, кайсы китебин сатып алдыңыз?
- Сиз өзүңүз балаңызга кайсы китепти, качан окуп бердиңиз?
- Китеп окуу учурунда кандай сезимде болдуңуз, эмне үчүн?
- Китеп окууну кандайча аяктайсыз? (Талкуу учурунда балдар менен китеп окуу үй-бүлөдө ынтымактын, ишеничтин, бактылуулуктун артышына алып келерин, балдар ар тараптан өнүгүүгө багыт аларын, өз алдынчалуулук пайда болуп, чечимдерди өздөрү чыгара баштаарын, ой жүгүртүү жөндөмү артып, сынчыл ой жүгүртүүсү өсөрү боюнча ата-энелердин өздөрүнүн чечим чыгарышына басым жасаңыз).

Китеп окуунун алдында Сиздерге китепти кантип окуу керектиги жөнүндө маалымат берели. Китеп тыным менен окуу ыкмасы боюнча окулат. Бул ыкма балдарды китеп окууга кызыктырууга көмөктөшөт, балдардын байланыштуу кебин өстүрөт, коомдо туура тарбия алууга жардамдашып, үй-бүлө менен биргеликте китеп окуу маданиятын пайда кылууга мүмкүнчүлүк берет. Үй-бүлөлүк окуу – балдар менен улуулардын китеп окуу боюнча биргеликтеги иш-аракети. Мындагы негизги максат – китепти окуу менен анын сүрөттөрүн улуулар менен биргеликте көрүп талкуулоодон балдар менен биргеликте рахат алуу, ар тараптуу өнүгүүгө өбөлгө түзүү.

Улуулар балдардын жанында отуруп, сүрөттөрдү бирге көрүп, алар боюнча балдардын оюн эркин айтууга шарт түзүп, китепти кармап, беттерин барактап, жөнөкөй сөздөрдү, сүйлөмдөрдү кайталап, талкуулап, мазмун боюнча балдарга суроо берип, анан, тескерисинче, балдардын да суроо берүүсүнө мүмкүнчүлүк жаратып, аларды угууга жана уга билүүгө тарбиялап, окугандарын айтып берүүгө, сүрөт тартууга, келбеттерин жасоого үйрөтүү керек. Эгер бала суранса, китепти бир нече жолу окуу керек.

Китеп окуу учурунда балага жакын отуруңуз, китепти окуп жатканда анын сүрөттөрүн көрүүгө ыңгайлуу болгондой кылып кармаңыз. Так сүйлөп, үндүн тонун мазмунга жараша өзгөртүп туруңуз. Угууга кызыктыруу үчүн ишараттарды жасап туруңуз. Балаңыздын аңгемеге болгон кызыгуусунун төмөндөп жатканын байкасаңыз, баланын кызыгуусун арттыруу үчүн окуганга чейин да, окуп жатканда да, окугандан кийин да угуп, түшүнүп жаткандыгын билүү максатында суроолорду берип туруңуз. Мына ошентип баланын китеп окууга кызыгуусун жаратууга болот.

Биз үй-бүлөлүк окуунун бир үлгүсүн көрсөтүү максатында, тыным менен окуу ыкмасында өздөштүрүүнүн алгоритмин сунуштайбыз (Конференция учурунда толук методикасы көрсөтүлөт) [5, 200-б.; 6].

1. Текстти окууга чейин балдарыңызга темага байланышкан суроолор берип, аны талкуулоо керек. Бул ыкма балдарыңыздын чыгармага болгон кызыгуусун жаратып, аңгеменин мазмунуна багыт алууга көмөктөшөт. Өзүңүз үн чыгарып окуп бериңиз, ал эми балдарыңыз окуганды билсе, текстке көз салып турушсун. Балдарыңызга берилүүчү суроолорду жөн эле окуп койбоңуз, аны диалог формасына келтирип, Сиз жан дилиңизден берип жаткандай болуңуз. Балдарыңыздын жоопторун оңдобоңуз, алардын ар бир идеясына кызыгып, тактап, күнөм санап толук түшүнүүгө аракеттениңиз.

2. Окулган тыным боюнча талкуу жүргүзүңүз.

3. Аңгеме окулгандан кийин балдардын байланыштуу кебин жана чыгармачылыгын өстүрүү үчүн болгон жумуштар:

1) Окшоштуктар боюнча аңгемелешүү. Балдар, үй-бүлө мүчөлөрүнүн арасында иштөө. Аңгемеге катышкандар бири-бирине өз окуяларын айтып беришет.

2) Ар түрдүү инсандардын, ар кандай предметтердин атынан аңгемелерди түзүү. Жалгыз иштөө керек.

3) Аңгеменин уландысы. Ата-энелер балдар, менен бирге диалогдорду иштеп чыгуу.

4) Сүрөттөр менен иштөө.

Бул жумуштарды аткарууну жыйынтыктап жатып төмөнкүдөй сунуштарды берүүгө болот:

- Окуп жатып, токтоп, баладан кээ бир татаал жана тааныш эмес сөздөрдүн маанилерин эсте калгыдай кылып суроо, талкуулоо керек.
- Окуп чыккандан кийин баланын китеп тууралуу оюн билип, ага карата өз мамилеңизди билдирүү маанилүү. Көптөгөн ата-энелер мугалимдик кызматка өтүп, өз оюн айтууну унутуп коюшат. Өз оюн билдирүү бала үчүн абдан маанилүү. Ата-эненин кызыгуусу баланын окууга кызыгуусунун компоненти болот.
- Негизги каарманды, анын иш-аракеттерин талкуулоо, ал эмне үчүн мындай кылганын жана башка жол менен кантип иштээрин түшүнүү маанилүү. Чоң адам да пикир алышуу процесси формалдуу ишке айланып кетпеши үчүн өз оюн айтышы керек.
- Китеп эмнеге үйрөтөрүн чогуу ойлонуу, жашооңуздагы окшош эпизоддорду эстеп калуу маанилүү.
- Баланы өзүнө жаккан эпизоддун сүрөтүн тартууга жана аны өзүңүз да тартууга аракеттениңиз. Анан сүрөттөрүңүздү чогуу талкуулаңыз. Бул тапшырма сүйлөө жана эстутумду өнүктүрүүгө жардам берет.
- Баланы талкуулоого жана жомоктун аңгеменин уландысын чогуу табууга чакырыңыз. Талкуунун бул формасы ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.
- Өнүгүүгө алып келе турган жеке, формалдуу эмес эмоционалдык баарлашууга артыкчылык берүү маанилүү.

Эң негизгиси, биргелешкен окууну жана чыгармачылыкты өстүрүүнү тажатма иш-аракетке, экзаменге, сыноого айландырбоо зарыл. Баланы кызыктыруу, аны менен китеп окууга, баарлашууга жана чыгармачылыкка болгон сүйүүсү менен бөлүшүү - бул чоң адамдын негизги милдети.

**Адабияттар:**


1. Литература и язык. Современная иллюстрированная энциклопедия / Под ред. проф. Горкина А.П.-М.: Росмэн, 2006. URL: https://dik/academik.ru/dik.nsf/enc literature/1592/
2. Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу. Бишкек. 2020-ж.
3. https://www.kitep.edu.gov.kg/
4. https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet.
5. Рысбаев С., Абдухамидова Б., Бекбаева Ч., Ибраева М. Кыргыз акын-жазуучулары балдарга, Балдар үчүн окуу хрестоматиясы, 2-китеп. – Бишкек, 2010-ж.
6. https://kyrgyz-audio.com/zhamaachy/
7. Тагаева Г.С., Левин Ю. К вопросу об оценивании достижений учащихся начальных классов по чтению и пониманию. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 5. С. 236-239.